МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
Министрлигинин мектептик,
мектептен тышкаркы жана
кошумча билим берүү
Башкармалыгынын
башчысы
__________ А.Кусеинова
«___» ___08___ 2025 ж.

Регистрациялык №___7/1___

**2025-2026 окуу жылына карата окутуу *кыргыз тилинде* жүргүзүлгөн башталгыч кесиптик билим берүү окуу жайлары үчүн 3 жылдык мөөнөттө даярдоо боюнча жалпы билим берүү предметтеринин**

## БАЗИСТИК ОКУУ ПЛАНЫ

**Жалпы окуу мөөнөтү – 3 жыл.**

| Билим берүү чөйрөсүнүн аталышы | Предметтер | Бардык сааттар | Курстар боюнча базисти вариант | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | I курс 10 кл. | II курс 11 кл. | III ку 11 к |
| **Филологиялык** | 1. Кыргыз тили | **6** | **3** | **2** | **1** |
| | 2. Кыргыз адабияты | **4** | **2** | **1** | **1** |
| | 3. Орус тили | **4** | **2** | **1** | **1** |
| | 4. Орус адабияты | **4** | **2** | **2** | |
| | 5. Чет тили | **4** | **2** | **2** | |
| **Социалдык** | 6. Тарых | **4** | **2** | **2** | |
| | 7. Адам жана коом | **2** | **1** | **1** | |
| **Математикалык** | 8. Алгебра | **6/5** | **3/2** | **2/2** | **1/1** |
| | 9. Геометрия | **2/3** | **1/2** | **1/1** | |
| **Табигый - илимий** | 10 Биология | **2** | **1** | **1** | |
| | 11. География | **2** | **1** | **1** | |
| | 12 Физика. Астрономия | **6** | **3** | **2** | **1** |
| | 13 Химия | **4** | **2** | **2** | |
| **Ден соолук маданияты** | 14. Дене тарбия | **4** | **2** | **1** | **1** |
| | 15. Аскерге чейинки даярдоо | **4** | **2** | **2** | |
| **Мамлекеттик компонент** | | **58** | **29** | **23** | **6** |
| **Жылдык окуу жүктөмү** | | **1972** | **986** | **782** | **204** |

Башталгыч кесиптик билим берүү тутумунун окуу жайларында жумушчу кесип менен бирге жа орто билим алуучу тайпалары үчүн **2025/2026** окуу жылына карата *Базистик окуу планы* жалпы орто би берүү боюнча – 1 бөлүгү). Билим берүү жана илим министрлигинин **2025 жылдын 2 июль, №747/ 1** буй менен бекиген.

РИМБ директору
А. Карабаев__________
"___" __________ 2025 ж.

**2025-2026 – окуу жылына орто жалпы жана кесиптик башталгыч**

**билим берүүнүн интеграцияланган программасын ишке ашыруучу**

**кесиптик лицейлер үчүн базистик окуу планына түшүндүрмө каат**

**(1-бөлүм -жалпы билим берүүчү даярдоого)**

Бул базистик окуу планы кесиптик башталгыч билим берүү тутумунун билим берүү мекемелери үчүн жалпы окуу планынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Кесиптик лицейлерде квалификациялуу жумушчуларды даярдоо боюнча окуу планынын түзүмүндө 2 жана 3 жылдык окуу мөөнөтү менен, окутуу тили орус, кыргыз тилдеринде интеграцияланган орто билим берүү программалары боюнча мектепти 9-класстын базасында аяктаган бүтүрүүчүлөргө башталгыч кесиптик билим берүүгө арналган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 токотму менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү максатында жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу пландары иштелип чыгарылган.

Базистик окуу планы, 3-баскычтын (10-жана 11-класстар) жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүү үчүн 2,3 жылдык типтүү мөөнөткө эсептелди.

Базистик окуу планы башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү боюнча окуу предметтеринин тизмесин жана окуучулардын окуу жүктөмүнүн көлөмүн алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык белгилейт, окуу-тарбия процессин уюштурууга жана өткөрүүгө болгон талаптарды ишке ашырат.

Предметтер боюнча сааттардын саны Кыргыз билим берүү академиясынын Базистик окуу планына сунушталган долбооруна ылайык аныкталган.

Базистик окуу планы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2.07.2025 жылдын №747/1 буйругу менен бекитилди.

Жалпы орто жана кесиптик башталгыч билим берүүнүн айкалышкан программасын ишке ашыруу, квалификациясынын татаалдыгына жана даярдоо профилине жараша 2,3 жылдык окуу мөөнөтү түзөт.

*Пландын бул бөлүгүнө окуучулар жумушчу кесипке ээ болуу менен бирге жалпы орто билим алган кесиптик лицейлерде милдеттүү түрдө окутулууга тийиш болгон жалпы билим берүүчү предметтер киргизилген. Жалпы билим берүүчү предметтердин окуу пландарына мөөнөтү* **2 жылдык окутуу болгондорго:**

1-курс (10-класс) -жалпы билим берүүчү орто мектеп – биринчи окуу жылына 952 саат;

2-курс (11-класс) – жалпы билим берүүчү орто мектеп – экинчи окуу жылына 850 саат каралган.

Окуу мөөнөтү 2 жыл болгон окуучулардын өз алдынча иштөөсү 170 саат бөлүндү, баардыгы болуп -1972 саатты түзөт.

Предметтер боюнча окуучулардын өз алдынча иштеринин мазмуну предметтердин тематикалык планында мугалимдер тарабынан аныкталып иштелип чыгышы керек.

**Окуу мөөнөтү 3 жыл болгондорго:**

1 -курс (жалпы билим берүүчү мектептин 10-классы) -986 саат -окуунун биринчи жылына;

2-курс – (11-класс -жалпы билим берүүчү орто мектеп) – экинчи окуу жылына 782 саат;

3-курс- (жалпы билим берүүчү мектептин 11-классы)-үчүнү окуу жылына 204 саат; баардыгы болуп -1972 саатты түзөт.

Базистик окуу планы окуучулардын кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, алардын негизги жана предметтик компетенцияларын калыптандырууну эсек алат.

Базистик окуу планын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган негизги жалпы билим берүү программалары жана окуу-методикалык комплекстери колддонулат.

Базистик окуу планындагы предметтер төмөнкү билим берүү чөйрөлөрүнө бөлүштүрүлөт:

- филологиялык;
- социалдык;
- математикалык:
- табигий-илимий;
- ден соолук маданияты.

-***“Кыргыз тили”, “Орус тили”*** предметтери эне тили катары 2-класстан 11-класска чейин окутулат. Окутуу кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили” жана “Орус тили” предметтерин экинчи тил катары окутуу үчүн аныкталган окуу сааттарынын саны конкретүү жалпы билим берүү уюмунун окутуу тилине байланыштуу болот.

-***“Кыргыз адабияты”*** кыргыз тилинде окуткан мектептерде 10-11-класстарда (кесиптик лицейлерде 1-2 курс) жумасына 2 сааттан бөлүнөт.

Орус тилинде окуткан окуу жайларында “Кыргыз адабияты” предмети 10-11-класстарда жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

-***“Русская литература***” предмети окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн окуу жайларда предметти окутууга 10,11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнөт;

-окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин “Орус адабияты” предметин 9-11 класстарына жумасына 2 сааттан бөлүнөт.

-***“Чет тилин үйрөнүү”*** 3-класстан 11-класска чейин жүргүзүлөт. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 10-11-класстарында окутуу тилине карабастан, чет тилин үйрөнүүгө жумасына 2 саат бөлүнөт.

-***“Дене тарбия”*** сабагында 2 жылдык окуу мезгилине дярдоодо: -өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттар ийримдик иш түрүндө өткөрүлөт.

-“***Аскерге чейинки даярдоо”*** 1-2 курстарда жумасына 2 саат, ал эми 2-курста анын ичинен окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө жумасына 1 саат бөлүнөт, 11-класстарынын окуучу балдары үчүн талаа окууларына үч күн аралыгында (18 саат) апрель-май айларында предмет боюнча бөлүнгөн сааттардын эсебинен, о.э.11-классстардын окуучу кыздары үчүн медицианлык-санитардык практикалык сабактар медициналык мекемелерде, окуу (18 саат) өткөрүлөт.

-***“Физика, Астраномия”*** предметтеринин интеграцияланаган курсу, 1-курста (10 кл.) физика предмети жумасына 3 сааттан, ал эми 2-курста (11 кл.) “Астраномия” предмети менен интеграцияланган программа жумасына 3 сааттан, анын жумасына 1 саатты окуучулардын өз алдынча иштерине бөлүнөт. Класс журналы “Физика. Астраномия”деп бирдиктүү аталыш менен белгиленет.

-“***Тарых”*** предмети жумасына 2 сааттан окулат. “Кыргызстан тарыхы” жана “Дүйнөлүк тарых” курстары бир предмет катары ырааттуу окулат жана класстык журналда “Тарых” деген аталыш менен бир предмет катары белгиленет. 9 жана 11-класстын бүтүрүүчүлөрү “Кыргызстандын тарыхы” предметинен мамлекеттик экзамен беришет.

-“***Адам жана коом”*** предметин окууга 10-11 класстарда жумасына 1 саат бөлүнөт.

-“***Математика”*** 10-11-класстарда окутууда “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери катары сабактар өзүнчө өткөрүлөт жана класстык журналга жазуулар өзүнчө жүргүзүлөт.

-***“Биология” жана “География”*** предметтерин окутууга 1-2-курстарда жумасына 1 саат бөлүнөт.

-***“Химия”*** предмети 8 ден 11-класска ченйин окутулат жана ага жумасына 2 саат бөлүнөт.

“Кыргыз тили”, “Орус тили”, “Чет тили” предметтери боюнча сабактарды өткөрүүдө 10-11 класстарда 25 жана андан ашык окуучулары бар болсо 2 топко бөлүп окутулат;

-орус тилинде окуткан мектептерде “Кыргыз тилин”окуганда жана кыргыз тилин окуткан мектептерде “Орус тилин”, ошондой эле “Чет тилин” окутуу жогорудагыдай эки топко бөлүнүп үйрөтүлөт.

Окуу мөөнөтү 3 жыл болгон даярдоодо: (1-бөлүм -жалпы билим берүүчү окуу), окутуу Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан сунушталган базистик окуу планына жараша жүргүзүлөт.

Жалпы билим берүү уюмдарында тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021 жылдын 29-январындагы “Инсандын руханий-адеп ахлактык өнүгүүсү жана концепциясы жөнүндө” №1 Жарлыгына, 2020-жылдын 13-ноябрындагы “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таанусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө” №349 Жарлыгына жана 2024 жылдын 18-декабрындагы “Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу жөнүндө” №369 Жарлыгына ылайык класстык жана класстан тышкары иш-чаралар аркылуу жүргүзүлөт.

Жалпы билим берүүчү мектептердин курсу боюнча мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин нускам документтерине ылайык жүргүзүлөт.

Аткаруучулар: Саттарова А.Н., тел.: 0312544332 (кошумча 102);
Жаныбекова А.Т. тел.: 0312 680890 (кошумча 106).